Желал-Абад ... 10 марта 2023 ... 0063392 ... 07.02.2005
Управление юстиции Жалал-Абадской области ... 10 марта 2023 ... произвело государственную перерегистрацию юридического лица
серия и номер свидетельства 0063392
Дата первичной регистрации 07.02.2005

"БЕКИТИЛДИ"
" 03 " 03 2023-жыл
Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн № 86 буйругу менен.
Билим берүү бөлүмүнүн башчысы ____________ Ы.Ө Калчаев

# ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ №22 ЖАЛПЫ НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕП-МЕКЕМЕСИНИН

# УСТАВЫ

**Жалал-Абад шаары**

**2023-жыл**

## I.Жалпы жоболор

1.1. Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси Кыргыз Республикасынын нормативдик актыларынын , Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү мекемелери жөнүндөгү атайын жобосуна ылайык түзүлгөн жана билим берүү мекемесине катары мындан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына нормативдик актыларынын жана ушул Уставдын негизинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

1.2.Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси ар жарандын милдеттүү жана акысыз баштапкы жана негизги жалпы билим алуусун, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын чегинде жана айрым жарандардын жөндөмүнө, чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө жараша сапаттуу билим алуусун иш жүзүндө ашыруучу билим берүү мекемеси болуп эсептелет.

1.3.№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси окуу-тарбия, илимий педагогикалык иштерди жүргүзүүдө юридикалык укукка мыйзам чегинде өз алдынчалуулукка гербдүү мөөргө,штампка ээ.

1.4.Жалал-Абад областык юстиция башкармалыгынын мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде нормативге ылайык юридикалык укукка ээ болот.

1.5. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын жана жалпы билим берүүчү мекемелери жөнүндөгү типтүү Жобонун, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругунун жана тескемелеринин ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.6.№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин уюштуруучусу:Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмү.

1.7. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин уюштуруу документтери болуп аны түзүү жөнүндөгү чечим же уюштуруучулардын келишими, ошондой эле №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин Уставы болуп эсептелет.

1.8.№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп мекемесинин толук фирмалык аталышы:
Мамлекеттик тилде: №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси.
Расмий тилде: Учреждение основная общеобразовательная школа №22
Мекеменин кыскартылган фирмалык аталышы:
Мамлекеттик тилде:№22 ЖНББМ-М
Расмий тилде:У-е ООШ №22

1.9. Мекеменин юридикалык дареги: Жалал-Абад областы,Жалал-Абад шаары, Курорт,үндөшмө 2-18-09

## II.Укуктук статус

2.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн тартып финансы-чарбалык жана укуктук өз алдынчалыгы,

өзүнчө мүлк, өз алдынча балансы, кыргыз жана орус тилдеринде өзүнүн аталышы жазылган мөөрү, штамптары жана бланктары бар жана башка финансы-кредиттик мекемелерде алыш-бериш укугу бар юридикалык жак болуп эсептелет.

2.2. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесини оперативдүү башкаруу бекитилген, ага карата жалпы билим берүүчү уюм Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугун ишке ашырат.

2.3. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин мүлкүнүн курамына төмөнкүлөр кириши мүмкүн: негизги каражаттар, ээлеп турган жай, жабдуулар, инвентарь, жер участкалары жана башка мүлктөр.

2.4. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин төмөнкүлөргө менчик укугу бар: акча каражаттарына, ага белек, кайрымдуулук катары же мурас боюнча жеке жана юридикалык жактар өткөрүп берген мүлккө жана башка менчик объектилерине, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдун өзүнүн ишине түшкөн кирешелерге , ушул кирешелерге сатып алуу менчик объектилерине.

2.5. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесини уюштуруучунун макулдугу менен мыйзамдарга ылайык өзүнө бекитилип берилген мүлктү ижарага берүүгө укуктуу. Ижарага берилген мүлктөн алынган киреше уставдык максаттар үчүн пайдаланылат.

2.6. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси мыйзамдарда каралган бардык жарандык укуктук бүтүмдөрдү ишке ашырууга, сотто доогер жана жоопкер болууга, башка укуктарга жана милдеттерге ээ болууга укуктуу.

2.7. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте аттестациядан (мындан ары аккредитациядан) өтүүгө жатат.

2.8. Уюштуруучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, тартипте жана чектерде жалпы билим берүүчү уюмдардын милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартышат.

## III иштин негизги принциптери

3.1 №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси төмөнкү принциптердин негизинде сапаттуу билим алууга Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарынын бирдейлигин сактайт.

3.2 Мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруу;

3.3 Билим берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү;

3.4 Билим берүүчү уюмдун финансылык өз алдынчалыгын камсыздоо;

3.5 Мамлекеттик финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу;

3.6 1 окуучуга эсептегенде каржылоонун бирдиктүү стандартташтырылган нормативдеринин негизинде билим берүүчү уюмду бюджеттик каржылоонун бирдиктүү стандартташтырылган нормативдеринин негизинде билим берүүчү уюмду бюджеттик каржылоону камсыздоо;

3.7 Билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;

3.8 Мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында баштапкы жана негизги билим берүүнү, жалпы орто билим берүүнү ар бир жарандын билим алууга милдеттүүлүгү жана акысыздыгы;

3.9 Кошумча билим берүүгө жана башка кызматтарга көрсөтүлүүчү акы төлөмө кызматтардан алынган кирешелерди бөлүштүрүүнүн өз алдынчалыгы, ал боюнча кирешелер өзүнчө баланста эске алынат;

3.10 Жалпы билим берүүчү уюмдардын бардык финансылык ишин коомдук-мамлекеттик контролдоо үчүн ачык-айкындык жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо.

## IV. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин максаты жана милдеттери

**4.1. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин максаты:**

№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин негизги максаты болуп жалпы билим берүү программаларынын милдеттүү минимумун өздөштүрүүнү негизинде окуучулардын инсандыгын жалпы маданияттын түзүү, аларды коомдун турмушуна тарбиялоо, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүү түрдө тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү жана жарандуулукка тарбиялоо болуп эсептелет.

4.2. Билими,интеллекти, ой жүгүртүүсү кенен, жеке адамдык сапаты жогору улуттук мыкты инсандарды тарбиялоо.

4.3 Жөндөмдүү жана шыгы бар окучулардын билим алуусуна жана билим деңгээлинин өсүшүнө ыңгайлуу шаттарды түзүү.

4.4 Окутуунун интерактивдүү формалары жана инновациялык усулдарды колдонуу менен ар кандай багыттагы сабактан тышкаркы иштерди уюштуруу аркылуу окуучулардын окууга болгон чыгармачылык мамилесин калыптандыруу, шаардык, областык, республикалык, эл аралык олимпиадалардын жеңүүчүлөрүн даярдоо жана кесипке багыт берүү.

4.5 Педагогикалык илимий изилдөө иштерин жүргүзүү, педагогикалык ишмердүүлүктү жайылтуу.

## V.Укуктары жана милдеттери

5.1 №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси милдеттерине жетишүү үчүн өз функцияларын ишке ашырууда төмөнкүлөргө укуктуу:

- Чыгымдардын сметаларын өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө жана тиешелүү түрдө аларды өзгөртүүгө;
- Өздөрүнүн материалдык-техникалык,финансыларын жана кадрдык ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;
- №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин мамлекеттик лицензиясы жана жалпы билим берүүчү уюмдардын ишин жөнгө салуучу мыйзамдардын талаптары менен бекемделген. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин (билим берүү ишинин белгилүү түрүнө ) укугуна ылайык жалпы билим берүүчү процессин уюштурууга;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен мамлекеттик билим берүү программаларынын, базистик окуу планынын негизинде окутуу программаларын иштеп чыгууга, кабыл алууга жана ишке ашырууга;
- №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин (башталгыч, негизги) деңгээлдеги муниципалдык түрдөгү , мамлекеттик, расмий жана өзбек тилдердеги түрлөрүнө жалпы билим берүүчү программаларды ишке ашырууну камсыздоого;
- “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизги жоболоруна туура келүүчү окутуунун жана тарбиялоонун тандоодогу, пайдалануудагы жана формаларын, каражаттарын жана методдорун түзүүдөгү өз алдынчалыкка;
- Төмөнкүлөрдү камсыз кылуучу №22 негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинде кабыл алуу тартибин аныктоого:
  а) башталгыч жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарына- ошол аймакта жашаган жана негизги жалпы билим алууга укугу бар бардык окутулууга тийиш болгон амалдарды кабыл алууга ( ушул аймакта жашабагандар мекемеде бош орун жок болгон учурда гана баш тартылышы мүмкүн);
- “Билим берүү жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык окугандарды аттестациялоолонун тартибин жана аралыктык мезгилин, баалоо системасын формаларын тандоодогу өз алдынчалыкка;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жөнгө салуучу актыларына ылайык бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестация жүргүзүүгө, негизги билим берүүчү уюмдун мөөрү менен бекемделген билим алуу деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берүүгө;
- Жалпы негизги билим берүүчү программалардын, анын ичинде (кошумча билим берүүчү кызматтардын түрлөрү жана формалары) анын ичинде акы төлөмү жана билим берүү процессин камсыздоо жана имараттарды кармоо үчүн зарыл болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн статусун аныктоочу кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө жана кошумча билим берүү программаларын ишке ашырууга;
- Уюштуруучулардын демилгеси же макулдугу боюнча финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, билим берүү процесстерин оптималдаштыруу максатында филиалдарды түзүүгө жана жоюуга;
- Улуттук, мамлекеттик програмаларды ишке ашырууга катышууга ;
- Жалпы билим берүү боюнча иштерди уюштуруу жана жакшыртуу маселелерине карата мамлекеттик башкаруунун жогору турган органдарына жана кызмат адамдарына сунуштарды киргизүүгө;
- Ассоциациаларга жана башка коомдук уюмдарга , анын ичинде эл аралык уюмдарга кирүүгө, алардын ишине катышууга;
- Ассоциациаларды,союздарды жана башка бирикмелерди түзүүгө жана ишине катышууга , анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана өркүндөтүү максатында мекемелердин, иш каналардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен.

5.2. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

**Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин милдеттери:**

-"Билим берүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жалпыга милдеттүү баштапкы, негизги жалпы билимди берүү;
-окутуунун I.II баскычтарында окутуунун мамлекеттик стандарттарын милдеттүү түрдө ишке ашыруу;
-Окууга шыктуу,жөндөмдүү болушкан, аз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн балдарын, толук, жарым жетим балдардын окуусуна шарттарды түзүү, аларга материалдык жана моралдык жардам көрсөтүү;
- Окуучулардын ден соолугуна , алардын толук кандуу өсүүшүнө көңүл буруу, сабактан тышкаркы мезгилдерде кошумча сабактарды окутууну уюштуруу;
- Жалпы билимдин сапаты анын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайыктыгы ;
-Билим берүүчү уюм колдонгон формаларын, методдорун жана каражаттарын окуучулардын психологиялык өзгөчөлүкөрүнө, жөндөм шарттарына, кызыкчылыктарына, өмүрүнүн жана саламаттыгын сактоонун талаптарына ылайыктыгы;
- Санитардык-гигиеналык эрежелерин сактоо;
-Билим берүүнүн чектеш  деңгээлдеринин ортосундагы өз ара аракет жана мурастуулугун сактоо;
- Сергек жашоону жана окуучулардын санитардык-гигиеналык тарбиялоону пропагандалоо;
-№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин жалпы билим берүүчү программаларында, жалпы билим берүүчү уюмдун окуу планында жана уставында каралбаган эмгекке алардын жана алардын ( ата-энесинин ордун алмаштырган адамдардын) макулдугусуз ишке тартууга тыюу салынат;
- Окуучуларга физикалык жана психикалык зомбулук методдор колдонууга жол берилбейт;
-№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси саясий партияларды, коомдук-саясий, диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана аларды иштөөсүнө жол берилбейт;
- Окуучуларды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдарга жана партияларга кирүүгө мажбурлоого ошондой эле аларды бул уюмдардын ишине мажбурлап тартууга жана үгүт өнөктөштөрүнө жана саясий акцияларга  катышууга мажбурлоого жол берилбейт.

## VI.Билим берүү процесси

6.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде окутуу мамлекеттик, расмий жана өзбек тилдерде жүргүзүлөт. Мектеп, окуучулардын окутуу тилин тандап алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышат.
6.2. 1-класска балдар 6 жаштан тартып, ата-энелердин(алардын мыйзамдуу өкүлдөрдүн) калоосуна жараша 7 жаштан кечиктирилбей кабыл алынат
6.3. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесине окутуу жана  тарбия берүү үчүн ата-энелердин алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн арыздары менен ишке

ашырылат. Кабыл алуу процедурасы жалпы билим берүү уюмга кабыл алуу эрежелери менен регламенттелет. Ал эрежелер Билим берүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келиши мүмкүн эмес.
6.4. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде окуу-тарбиялык процесси мамлекеттик стандарттагы негизги жалпы билим берүүнү турмушка ашыруу менен төмөнкүдөй эки баскычты камтыйт.

I. Башталгыч билим 1-4-класс

II. Негизги жалпы билим 5-9-класс

№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси билим берүү процессин жалпы билим берүү программаларыны ишке ашыруу максатында 480 сааттык

даярдоо класстарын уюштурат.
6.5. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде окуучулардын толукталышы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлөт:
6.6 Окуу жылы 1-сентябрдан башталып 25-майда аяктайт. Окуу жылы ичинде каникулдар мөөнөтү календардык 30 күндөн , жыйындысы 8 жумадан кем болбойт. Каникулдардын мөөнөттөрү төмөнкүдөй

– күзгү каникул – 8күн
-кышкы каникул-12 күн
-жазгы каникул.-10 күн

1-класстардын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча 1 жумалык каникулдар белгиленет. Жылдык окуу календардык планы директордун буйругу менен №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин педагогикалык Кеңешинин ой-пикирин эске алып, билим берүүнү Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмү менен макулдашуу боюнча бекитилет.
6.7. Академиялык сааттын узактыгы -45 мүнөт ,биринчи класста- 40 мүнөт. Мектепке чейинки даярдоо классында 35 мүнөт. Мектептин администрациясы өз алдынча сабактардын узактыгын өзгөртүүгө уруксат берилбейт.
6.8. Ар бир класстагы жыйынтык жүгү массалык мектептердин окуучулары үчүн максималдуу жол берилген милдеттүү жүк болуп саналат. Мектеп окуучулары үчүн жол берилген жүктүн эң чоң чеги төмөнкүлөр болуп саналат (кыргыз, орус, өзбек):

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1-класста | 20 саат | 6-класста | 29 саат |
| 2-класста | 22 саат | 7-класста | 30 саат |
| 3-класста | 24 саат | 8-класста | 30 саат |
| 4-класста | 25 саат | 9-класста | 32 саат |
| 5-класста | 29 саат | | |

Жекече пландар боюнча окутуу окуучулардын, алардын ата-энелеринин же алардын алмаштырган адамдардын каалоосу боюнча жүргүзүлөт.
6.9. Жылдык окуу -календардык график №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин директорунун буйругу жана педагогикалык кеңешинин ой-пикирин эске алып, билим берүүнүн Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмү менен

макулдашуу боюнча бекитилет.
6.10. Жалпы билим берүүчү программаны толук көлөмдөө өздөштүргөн окуучу кийинки класска окуу жылынын жыйынтыгы боюнча бир же эки предмет боюнча академиялык карызы бар окуучулар күзгү сыноого калтырылышы же шарттуу турдө көчүрүлүшү мүмкүн. Баштапкы жалпы жана негизги жалпы билим берүүнүн баскычтарында окуган окуу жылынын программасын өздөштүрбөгөн жана экиден ашык предметтер боюнча академиялык карызы бар окуучулар кайталап окууга калтырылат. Окуучуну көчүрүү кандай учурда болсун педагогикалык кеңештин чечими боюнча жүргүзүлөт Жалпы билим берүү программасынын мурдагы деңгээлин өздөштүрбөгөн окуучулар жалпы билим берүүнүн кийинки баскычында окууга киргизилбейт.
6.11. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси окуучунун же аны ата-энесинин (же алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каалоосу боюнча жалпы билим

берүү программаларынын же айрым бөлүмдөрдү үй-бүлөлүк билим берүү, өз алдынча билим алуу, экстерн жана сырттан окуу формасында өздөштүрүлүүгө көмөк берет.
6.12. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесин башкаруу органынын (педагогикалык кеңештин) чечими боюнча жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жашы жетпегендердин иштери боюнча комиссиялар менен макулдаштыкта укукка жат аракеттерди жасагандыгы, жалпы билим берүүчү уюмдун Уставын одоно жана көп жолу бузгандыгы үчүн 15 жашка чыккан окуучуларды жалпы билим берүүчү уюмдан чыгаруу эң чоң педагогикалык таасир берүү катары жалпы билим берүүчү уюмдун уставында жол берилбейт.
6.13. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин директору көргөн эки же андан ашык тарбиялык жазасы бар окуучунун эреже катары кайталап тартип бузуусу көп жолу укук бузуу тарбиянын одоно бузуу катары таанылат. Төмөнкүдөй түрдөгү оор натыйжаларга алып келген же алып келиши мүмкүн болгон укук бузуу тарбияны одоно бузуу катары таанылат:

- Окуучулардын, кызматчылардын, мектепке келген адамдардын өмүрүнө жана саламаттыгына зыян келтирбөө;
- №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин окуучулардын, кызматчылардын, мектепке келген адамдардын өмүрүнө жана мүлкүнө зыян келтирбөө.

Материалдык зыянды окуучулар же алардын ата-энелери( алардын алмаштырган адамдар) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөп беришет.

6.14 Жетим балдарды жана ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) камкордугусуз калган балдарды окуудан чыгаруу жөнүндө чечимди тийиштүү көзөмөл жана камкордук органынын алдын алуу макулдугу менен педагогикалык кеңеш кабыл алат.
6.15. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин бүтүрүүчүлөрүнө алар

жыйынтык аттестациясынан өткөндөн кийин №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин мөөрү менен күбөлөндүргөн деңгээли жөнүн мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет. жалпы негизи билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөр өзгөчө үлгүдөгү күбөлүктөрдү алышат.
6.16. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын айрым континенттигине сабакан тышкары убакта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (ББМ) бекиткен кошумча билим берүү акысыз негизде көрсөтөт.
6.17. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси окуучулардын ата-энелеринин каалоосу боюнча бекитилген окуу планына жараша билим берүүнүн ар кандай кызматтарын акы төлөө жолу мене көрсөтө алышат.
6.18. Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (аларды алмаштырга адамдардын) кызыкчылыктарын эске алуу менен жалпы билим берүүчү уюмдун уюштуруучулар менен макулдашуу боюнча даярдоо класстары мамлекеттик , расмий жана өзбек тилдери билбеген жана же даярдыгы жок балдар үун )

коррекциялык топтор бюджет боюнча бөлүнгөн каражаттардын чегинде же контрактык негизде ачылышы мүмкүн.
6.19. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин окуучуларын акысыз медициналык тейлөө атайын бекитилген саламаттыкты сактоо мекемеси (медициналык кызматкелер) тарабынан камсыз кылынат, ал мекеме администрация жана педагогикалык кызматкерлери менен катар даарылоо-профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү, санитардык-гигиеналык нормаларды, режимди жана окуучулардын тамактануусунун сапатын сактоо үчүн жоопкерчиликтүү болот.
6.20. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесиндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу мектептин ашканасы ( атайын ылайыкташтырылган) аркылуу жүзөгө ашырылат.
6.21. Жетишпеген окуучулар мектеп кеңешмесинин чечими боюнча жана ата-энелердин ыраазычылыгы менен гана класстан класска түшүрүлөт.
6.22. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси билим берүү процессин жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык билим берүүнүн эки баскычында жүзөгө ашырылат.
6.23. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси окуу планына ылайык педагогикалык кеңешменин чечимин шаардык билим берүү бөлүмүнүн макулдугу менен Көп тилдүү билим берүү программасын жүргүзө алат.

## VII. Окуу тарбиялык процессинин структурасы жана уюштурулушу

7.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде окуу сабактары жүрүп жатканда окуучуларды ар кандай чарба жумушуна тартууга уруксат берилбейт.
7.2. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин 9-классын ийгиликтүү аякташкан окуучуларгы жалпы негизги билими жөнүндөгү күбөлүк берилет.
7.3. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин 9-классын эң жакшы бааларга окуп аякташкан бүтүрүүчүлөргө Билим берүү жана илим министрлиги

бекиткен атайын жобого ылайык билими туралуу өзгөзөчөлөнгөн күбөлүк жана мактоо баракчалары берилет.
7.4. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин окуу процессин жүргүзүүдө Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планын түздөн-түз жетекчиликке алат. Окуу планындагы Республикалык компоненттеги сааттар мектепте милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш жана өзгөртүүгө жатпайт. Окуу планы шаардык билим берүү бөлүмү менен макулдашылып бекитилет.
7.5. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде мектеп компонентине бөлүнгөн сааттарга акы төлөнүүчү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 30-сентябрындагы №404 токтомунда көрсөтүлгөн кружокторду уюштурууга , лекцияларды окууга ажыратылган ставкалар боюнча жүргүзүлөт.
7.6. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин окуу планында көрсөтүлгөн предметтеринин мазмундары мамлекеттик билим берүү стандарттары тарабынан белгиленилет. Алар негизги жана орто билим берүү программаларынын мазмуну милдеттүү минимум , окуп жаткандардын белгилүү бир билим берүү программаларын өздөштүргөнүн ырастаган документтердин формаларын аныктайт. Мамлекеттик стандарттагы окуу программалары №22 Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси үчүн милдеттүү болуп эсептелинет.

## VIII. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде окуу процессине катышуучулар

8.1. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесиндеги окуу тарбиялоо процессинде түздөн-түз катышуучулары болуп мектептин окуучулары , алардын ата-энелери жана окуткан мугалимдер болуп саналат.
8.2. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесине кабыл алуу тартиби “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамында жана ушул Уставда аныкталат.
8.3. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесине окууга кирген окуучунун жана анын ата-энелерин (алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) Устав жана билим берүү процессин уюштуруунун регламенттештирилген башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.
8.4. Окуучулардын , алардын ата-энелеринин (алардын алмаштырга адамдардын) укуктары жана милдеттери Жалпы билим берүүчү уюму жөнүндө Уставында аныкталат.

**Окуучулардын милдеттери:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мамлекеттик символдорун билүүгө жана урматтоого;
- Окуучулардын абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен Уставында көрсөтүлгөн окуучулар үчүн бирдиктүү талаптарды аткарууга жана урматтоого;
- Сабактарды калтырбоо жана кечикпөөгө;
- Мектептин кадыр-баркын көтөрүү максатында бардык коомдук иштерге активдүү катышууга ;

- Коомдук жерлерде, мектепте өзүн маданияттуу алып жүрүүгө.
- Өзүнүн ден соолугу жөнүндө камкордук көрүүгө жана мектептин тазалыгын сактоого;
- Класстын, мектептин мүлкүнө этият мамиле жасоого жана бүлүндүргөн кезде ата-энелеринин же(алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусу менен мүлктүн ордун толуктоого;
- Мектептин мугалимдеринин айткандарын аткарууга жана аларды урматтоого;
- I,II баскычтагы класстар боюнча тиешелүү формалары менен (кыздар үчүн ак кофта, кара юбка, балдар үчүн ак көйнөк, кара шым ) камсыз болууга;
- Диний экстремисттик агымдарга катышпоого;
- Мектеп жашындагы окуучулар мечиттерге, намаз жумаларга, дааваттарга катышпоого;
- Окуучулар мектепте баш кийимсиз жүрүүгө милдеттүү;
- Окуучулар №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин уставын аткарууга, жакшылап окууга, башка окуучулардын жана кызматкерлердин ар намысын жана кадыр баркын урматтоого, жалпы билим берүүчү уюмдун кызматкерлеринин талаптарын аткарууга милдеттүү. Жалпы билим берүүчү уюмдагы тартип окуучулардын , педагогдордун жана жалпы билим берүүчү уюмдун кызматкерлеринин адамдык кадыр-баркын урматтоонун негизинде жүргүзүлөт.

**Окуучулардын укуктары:**

8.5. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу

- “Билим берүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган көлөмдө акысыз жана бардык баскычтарында (1-2) билим алууга;
- Күндүзгү, сырттан, экстернант түрүндө билим алуу формаларын тандап алууга жана үй-бүлөсүндө билим алууга;
- Жекече окуу программалары боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окутуунун тездетилген курсунда окууга. Жекече окуу программалары боюнча окутуунун шарттары, Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставында жана ага ылайык кабыл алынган жоболордо регламенттештирилет.

8.6. Окуучуларды коомдук уюмдарга кирүүгө мажбурлоого, ошондой эле аларды мындай уюмдардын ишине жана үгүт өнөктөштөрүнө катышууга , тартууга жол берилбейт.
8.7. Билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска көчүрүлөт.
8.8. Өздөрүнүн каалоолору жана ата-энелеринин макулдугунун негизинде кошумча билим берүү(акы төлөнүүчү) кызматтарына пайдаланууга;

8.9. Акысыз медициналык тейлөөдөн өтүүгө;
8.10. Мектептин китепканасынан окуу жана көркөм адабияттарды алып пайдаланууга ;
8.11.Жалпы билим берүүчү класстардагы окуучулар башкаруу органдарына шайланууга ;
8.12.Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуш пикирлерин айтууга;
8.13. Класстан жана мектептен тышкаркы иштерге активдүү катышууга өз каалоосу боюнча мектептин айланасын жашылдандырууга;
8.14.Өзүнүн же ата-энелеринин каалоосу боюнча башка мектепке окуу үчүн которулууга.

**Мугалимдин милдеттери**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мамлекеттик символдорун урматтоого жана билүүгө;
- Мугалимдин абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен педагогдук этиканын ченемдерин сактоого, мектептин Уставынын талаптарын аткарууга жана урматтоого;
- Окуучулардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн болбогон деңгээлде билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;

- Окуп жаткандардын өз алдынчалуулугу , окууга чыгармачыл мамиле жасоосун өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдун, жогорку адеп-ахлак ченемдерин калыптандыруу;
- Өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жана кваливикациясын кеминде 5 жылда бир жолу жогорулатууга;
- Окуп жаткандарга карата күч жан моралдык зомбулук көрсөтүү усулдарын колдонбоого;
- Өзүнө бекитилген класстагы мугалимдер, ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын терең билим алуусуна , эмгекти сүйүүсүнө, мекенчилдикке, маданияттуу жүрүм турумга ээ болуусуна жетиштирүүгө;

**Мугалимдин укуктары**:

- Педагогикалык ишти уюштуруунун усулдары менен түрлөрүн эркин тандап алууга;
- Өз аброюн жана кесиптик баркын коргоого, кесиптик ишин жакшыртуу максатында тиешелүү шарттарды талап кылууга;
- Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбодук органы аныктаган тартипте мамлекеттин эсебинен өзүнүн кесиптик деңгээлин жана кваливикациясын жогорулатууга;
- Өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн ардак грамоталар, Билим берүүнүн отличниги төш белгиси, орден медалдар менен сыйланууга.

Ата-энелердин милдеттери:

- Балдардын саламттыгынын сактыгын, алардын руханий жан дене боюунун жетилишин, үй-бүлөдө адеп-ахлактык  жактан калыптанышын камсыз кылуучу тирилик жана окуу шарттарын түзүүгө;
- Балдарды мектепке жайгаштырууга жана алардын жакшы окуусуна кепмл болдуугa;
- Мектептин Уставынын талаптарын аткарууга;
- Баланын окуудагы жетишкендиктерин жана жүрүш-турушу менен мезгил-мезгили менен таанышып турууга, ата-энелердтн чогулуштарына катышып турууга;
- Мектептен сырткары  мезгтлде балдарынын убактысын пайдалуу өткөрүүгө жана жооп берүүгө;
- Балдардын мектеп эмеректерин, окуу куралдарын жана башка мүлктөрүн иштен чыгарганы үчүн жооп берет, алардын калыбыгна келтирет.
- Мектеп жашындагы балдарды мечиттерге . нпмпз жумаларга , дааваттарга жибербөөгө.
- Балдарды мектеп формасы менен камсыз кылууга;
- Ата-энелер(алардын алмаштырга мыйзамдуу өкүлдөр) №22 негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин Уставынын укуктарга жана милдеттерге тийиштүү бөлүмүн аткарууга жана балдардын билим тарбия алуусу үчүн зарыл шарттарды түзүү, балдардын укуктары жөнүндө

  конвенциянын принциптерин сактоо үчүн жоопкерчилик тартууга милдеттүү.

**Ата-энелердин укуктары:**

- Окутууунун формасын, түрүн тандап алууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окуп жаткандардын билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- Ата-энелердин класстык жана мектептик чогулуштарындан педагогикалык кеңешмелерде окуу-тарбия иштерин жакшыртуу багыттарында жекече сунуштарды , пикирлерди айтууга;
- Мектепти материалдык жана моралдык жактан коргоо максатында ыктыярдуу түрдө демөөрчүлүк жардамдарды берүүгө жана максаттуу жардамдарды уюштурууга.

## IX.Билим берүү процессине катышуучулардын укуктары жана милдеттери

9.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин кызматкерлерин комплектөө тартиби анын уставы менен регламенттештирилет. Педагогикалык

ишке зарыл педагогикалык кваливикацияга, кызматы боюнча мүнөздөмөлөрүндө жана билими жөнүндө документте ырастаган, алган алистиги боюнча

кваливикациялык талаптарга ылайыктуу, ошондой эле атайын билими жок адамдар жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык кеңешинин чечими менен 3 айлык мөөнөткө сыноо мөөнөтү менен кабыл алынат.
9.2. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин кызматкеринин жана администрациясынын мамилеси Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары менен жөнгө салынат. Эмгек келишиминин колдонуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Эмгек келишиминин колдонуу мөөнөтү менен иш берүүчүнүн эмгек келишимин түзүүсүндө аныкталат.
9.3. Мугалимдин жана башка педагогикалык кызматкерлердин окутуу жүгүнүн педагогикалык ишинин көлөмү окуу планы жана программалары боюнча сааттардын санына, кадрлар менен камсыз болууга, мектептин башкы ачык-айкын шарттарына жараша белгиленет. Окуу жүгүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү эмгек акынын ставкасы үчүн норманын чоңдугу же аздыгы кызматкердин кат жүзүндөгү макулдугу менен гана юелгиленет. Окуу жылынын башында белгиленген окуу жүгүнүн ( педагогикалык иштин) көлөмү, класстардын(топтордун) саны кыскарган, окуу пландары жана программалары боюнча саатардын саны азайтылган учурлардан тышкары да администрациянын демилгеси  боюнча азайтылышы мүмкүн.
9.4. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин кызматкерлеринин башка категорияларынын укуктары жана милдеттери тийиштүү типтүү кваливикациялык мүнөздөмөлөрдө жана мектептин Уставында аныкталат.

## X.Жалпы билим берүүчү уюмдун түзүмү

10.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин түзүмү ушул Уставда коюлган милдеттерди эске алуу менен мектептин директору тарабынан аныкталат, билим берүү бөлүмү менен макулдашуу боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органы тарабынан бекитилет.
10.2.Кызматкерлепдин саны №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси тарабынан финансылык ресурстарга жана окуучулардын санына жараша аныкталат. Кызматерлердин функциялык милдеттери директор бекиткен ички жоболордо аныкталат.
10.3. Жалпы билим берүүчү уюм турган филиалдарга ээ болушу мүмкүн, алар жалпы билим берүүчү уюм турган жерден тышкары жайгашкан юридикалык жактын өзүнчө бөлүмү болот жана анын функцияларынын бардыгын же бир бөлүгүн , анын ичинде өкүлчүлүктүн функцияларын  жүзөгө ашырат.
10.4. Филиалдар юридикалык жак болуп саналбайт, аларга жалпы билим берүүчү уюмдун мүлкү берилет жана ал бекиткен жоболордун негизинде иштейт.

## XI. Жалпы билим берүүчү уюмду башкаруу

11.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесин башкаруу “ Билим берүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жалпы билим берүүчү уюмдун Уставына ылайык демократиялуулук , ачыктык, жалпы адамзат баалуулуктарынын артыкчылыгы , адамдын өмүрүнүн жана саламаттыгын коргоо, инсандын эркин өнүгүшү принциптеринде жүзөгө ашырылат.

11.2. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесин башкаруунун жогорку органы ыйгарым укуктарына жалпы билим берүүчү уюмдун ишин координациялоого кирген анын уюштуруучулары болуп саналат.
11.3. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемеси окуу тарбия иштерин жүргүзүүдө шаардык билим берүү бөлүмүнүн, Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын милдеттүү түрдө аткарат жана жетекчиликке алат.
11.4. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин тикелей жетекчилиги Уставы тарабынан аныкталган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартипте дайындалган директор жүзөөгө ашырат.
11.5. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин директору түздөн-түз жетекчилик кылуу менен бирге төмөндөгүүлөргө укуктуу:

- Билим берүү жана илим министлигинин №371/1(26.07.2001-ж) буйругу менен бекитилген директорунун кызматтык милдеттерин милдеттүү түрдө аткарууга;
- Окуу-тарбия иштерин пландаштырат,уюштурат жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Эмгек кодексинин негизинде мугалимдерди жана тейлөөчү кызматкерлерди жумушка алат жана бошотот;
- Билим берүү бөлүмү менен макулдашуусунун негизинде орун басарларын дайындайт, алардын функционалдык милдеттерин аныктайт, иштерин көзөмөлдөйт.
- Жалпы мугалимдер жана окуучулар үчүн буйруктарды чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет;
- Педагогикалык кеңешменин ишин жетектейт, методикалык бирикмелердин жетекчиликтерин, педагогикалык кеңештин катчысын дайындайт;
- Мугалимдерге окуу жүктөмдөрүн баштапкы профсоюз комитети , УБ, предметтик секция жетекчилери менен макулдашылып бөлүштүрүлөт;
- Негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана көйгөйлөрдү маселелерди чечүү үчүн тийиштүү инстанцияларга кайрылат;
- Негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин директору өзүнүн кызматтык милдетинин аткарылышы боюнча жалпы педагогдордун

катышуусу менен баштапкы профсоюздук уюмунун чогулушунда 1 жолу отчёт берет;

- Негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин директору ата-энелердин , коомчулуктун жана өзүнөн жогору турган жетекчи органдардын алдында Уставдын талаптарынын жана кызматтык милдеттеринин аткарылышы боюнча жекече жооп берет.

11.6. Эмгек акы төлөө жана кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө ички жобону бекитет.
11.7. Эсептик жана финансылык документтерге биринчи кол коюу укугуна ээ болот.
11.8.Бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгымдардын сметасын бекитет.
11.9. Балanска ылайык чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчётторду бекитет жана кол коёт.
11.10. Каражаттарды максаттуу пайдаланышына чыгымдардын бекитилген сметасына ылайык жалпы билим берүүчү мекеменин өз убагында жана толук карджыланышына контролдукту ишке ашырат.
11.11. Кызматкерлердин идеялык-теориялык деңгээлин жана квалификациясын жогорулатуутүчүн зарыл шарттарды түзөт.
11.12. Окуучулардын билиминин сапатына жана жүрүм-турумуна ,класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштердин мазмунуна жана уюштурулушуна контролду жүзөгө ашырат.
11.13. Негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин өзүн-өзү башкаруу жогорку органы конференция болуп саналат, ал жылына 1жолудан кем эмес өткөрүлөт.Конференцияга делегаттар, мектептин кызматкерлеринин жамааттарынан, окуучулардын, ата-энелердин коомдук уюмдарынын чогулуштары менен шайланышат. Конференцияда негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин башкаруу боюнча кеңеш шайланат. Кеңеш негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу, материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана жеке ишинин структурасын жана негиздерин аныктоо багыттарында иш жүргүзөт.

11.14.Директор №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин атынан иш жүргүзөт, келишимдерди анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт, ишеним каттарды берет, банктар менен эсептешүү жана башка эсеп-счётторду ачат, белгиленген тартипте шарттарды бекиткен буйруктарды чыгарат жана жалпы билим берүүчү уюмдун бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү көрсөтмөлөрдү берет, билим берүүнүн башкаруу органдарына жалпы билим берүүчү уюмдун ишинин келечектүү, жылдык жана учурдагы пландарын бекитүүнү киргизет.
11.15. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин директору ата-энелердин жана мамлекеттин , коомдун жана уюштуруучулардын алдында Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында, келишимде жана ушул Уставда каралган өзүнүн функцияларына , милдеттерине ылайык өз иши үчүн жекече жоопкерчиликтүү болот.
11.16. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде жалпы билим берүүчү уюмдун педагогикалык , камкорчулук кеңештери , эмгек жамаатынын жалпы

чогулушун өз алдынча башкаруу формалары болуп саналат.
11.17. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин Камкорчулар Кеңеши мектепти бюджеттен тышкаркы каржылоого көмөк берүү жана ага финансылык жана консультациялык жардам көрсөтүү үчүн түзүлгөн, демөөрчүлөрдүн ыктыярдуу бирикмеси болуп саналат. Камкорчулар Кеңеши №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинде берилген каражаттарды жана мүлктөрдү пайдалануу боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуу менен башкарууга катышат.
11.18. Окуу-тарбиялык процесси өнүктүрүү жана өркүндөтүү №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин жана чыгармачылык өсүшүн жогорулатуу максатында Педагогикалык кеңеш №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин директорунун төрагалыгы алдында мектептин педагогикалык кызматкерлеринин бириктирүүчү коллегиялуу орган иштейт.

**Педагогикалык кеңеш:**

11.19. Билим берүүнүн мазмунун, окуу-тарбиялык иштин методдорун жана аларды ишке ашыруу ыкмаларын тандап алууну талдайт жана жүргүзөт.

11.20.Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү боюнча ишти уюштурат.

11.21. Окуучуларды кийинки класска көчүрүү, кийинки класска шарттуу көчүрүү жөнүндө ошондой эле ата-энелер (мыйзамлдуу өкүлдөрү) макулдашуу боюнча окуучунун үй-бүлөлүк билим берүү формасында кайра окутууга калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат.

11.22. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин педагогикалык кеңеши зарылдыгына жараша директор тарабынан өткөрүлөт.

## XII. Мектеп мүлкү,өндүрүштүк жана чарбалык иштер.

12.1. Мектептин имараты “Жалал-Абад Курортунун” менчиги болуп эсептелинет. Мүлктөрү жана окутуунун техникалык каражаттары мектептин менчиги болуп эсептелет. Аларды сактоо, ремонт иштерин жүргүзүү, толуктоо жүргүзүү боюнча жоопкерчилик мектепке жүктөлөт.
12.2. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин окуу планы толук түрдө мамлекет тарабынан каржыланат.
12.3. Жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесиндеги мугалимдердин эмгек акылары окуучулардын ар бирине класс комплектисине жараша жана тобуна эсептелген типтүү ченемдердин негизинде, ар бир окуучуга иш жүзүндө жумшалуучу чыгымдарын ырааттуу көбөйтүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

**XIII.каржылоонун булактары жана каражаттарды пайдалануу тартиби**

13.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин финансылык каражаттарынын негизги булактары төмөнкүлөр болуп саналат:

- Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттары;
- Башка жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары;
- Уюмдаштыруучуну,жеке юридикалык жактардын,чет мамлекеттердин ж.б жарандардын каражаттары жана алардын ыктыярдуу соопчулук, максаттуу төгүмдөрүнүн каражаттары;
- Чарбалык – өндүрүштүк жана соода түйүндөрүн ачуу, өздүк чарба түзүү, юридикалык укукка ээ болгон чакан ишкана түзүү;
- Акы төлөчү кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу;
- Билим берүүнү колдоочу фонддорду түзүү;
- Продукцияларды жана кызматтарды ишке ашыруудан алынган , ошондой эле укук берилген өз алдынча иштин башка түрлөрүнөн алынган киреше;
- Ата-энелердин окуучуларга акыга  көрсөтүлгөн кошумча кызматтар үчүн берген каражаттары;
- Эл аралык уюмдардын гранттары ;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

13.2. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин ээ болгон  финансы каражаттарын  алдынча башкарат. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин кызматчылардын эмгек акысынын ставкаларын (кызматтык маяналарын) кваливикациялык талаптарга ылайык бирдикт тарифтик торчонун жана комиссиянын чечиминин негизинде белгилейт, үстөк акынын кошумча акылардын жана башка төлөмдөрдүн түрлөрү жана өлчөмдөрүнүн эмгек акы төлөөгө ошондой эле штаттык расписаниеге жана кызматтык милдеттерге бөлүштүрүлгөн каражаттардын чегинде аныктайт.

**XIV. Негизги жалпы билим берүүчү мектеп-мекемесинин ишмердүүлүгүн кайра уюштуруу жана жоюу**

14.1. Мектептин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кайра уюшулат же жоюлат.

14.2. Мектептеги кайра уюштуруу же жоюу уюмдаштыруучу окуучуларды ата-энесинин макулдугу боюнча башка мектептерге жайгаштыруу жоопкерчилигин өзүнө алат.

алат.

4.3 Мектептин билим берүү ишмердүүлүгү токтотулган мезгилде окуучулар башка мектептерге жайгаштырылат жана мектептин материалдык-техникалык базасы, мүлкүн өткөрүп берүү актыларынын негизинде уюмдаштыруучунун чечими боюнча башка мектептерге өткөрүлүп берилет

4.4 Мектептин Уставына өзгөртүүлөрдү кийирүү жана кабыл алуу иштери мектептин жалпы педагогикалык кеңешмесинин чечими менен жүргүзүлөт

## XV.Жалпы билим берүүчү уюмдун ишин токтотуу

5.1 №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин иши уюштуруучулардын жана соттун чечими боюнча жоюу же өзгөртүп түзүү (кошулуу, биригүү, бөлүштүрүү, бөлүнүү,кайра өзгөртүү) түрүндө токтолу мүмкүн.

5.2 Эреже катары окуу жылы бүткөндөн кийин жүргүзүлүүчү №22 жалпы неги билим берүүчү мектеп-мекемесинин жоюуда же өзгөртүп түзүүдө уюштуруучулар окуучуларды алардын ата-энелери (алардын мыйзамдуу өкүлдөрү) менен башка билим берүү мекемелерине которуунун жоопкерчилигин өздөрүнө алышат.

5.3 Жоюучу комиссия тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

5.4 жалпы билим берүүчү уюмдун иш процессинде пайда болго документтер "Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

## XVI.Жалпы билим берүүчү уюмдун ишине көзөмөлдүк жүргүзүү

6.1. №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин ишине көзөмөлд жүргүзүү ушул Уставда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

## XVII Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү кабь

7.1 Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолор эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда кабыл алынат, уюштуруучулар тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына белгиленген тартипте каралат.

став №22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин жалпы кеңешм "11" 01 2023-жылындагы №3 педагогикалык чечиминин негизинде абыл алынган.

**№22 жалпы негизги билим берүүчү мектеп-мекемесинин директору:** **Сыдыков А.Ж**

жалпы
бөлүм
общий
отдел

00105199110014

Жалал-Абад облусунун ... башкармалыгы
Номерленип ... жана моор
басылганы бардыгы 18 (он сегиз) баракта
2023 10-марта

★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★

... Управление юстиции Жалал-Абадской области
... пронумеровано, прошнуровано и
... 18 (восемнадцати) листах
марта 2023